КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ,
ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

**Б У Й Р У К**
**П Р И К А З**

11-май 2026 № 1/87

Бишкек ш.
г. Бишкек

“Машина куруу технологиясы”
кафедрасынын филиалы жөнүндө”

И.Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин 2026-жылдын 29-апрелиндеги чечими (№ 8 протокол) негизинде «Машина куруу» жана «Материал таануу жана материалдар технологиясы» багыттары боюнча окуган студенттердин практикага багытталган даярдыгын күчөтүү максатында **буйрук берем:**

1. И.Раззаков атындагы КМТУнун “Машина куруу технологиясы” кафедрасынын филиалы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Машина таануу, автоматика жана геомеханика институтунун базасында түзүлсүн.
2. «И. Раззаков атындагы КМТУнун Машина куруу технологиясы кафедрасынын Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Машина таануу, автоматика жана геомеханика институтунун базасындагы филиалы жөнүндө жобо» бекитилсин.
3. Академиялык иштер боюнча проректор Э. И. Сырымбекова жана «Машина куруу технологиясы» кафедрасынын башчысы У.К. Омуралиев төмөнкү иш-чараларды аткарууну камсыздашсын:
   3.1. Бир айлык мөөнөттө кафедранын филиалына бекитилүүчү дисциплиналардын тизмесин иштеп чыгуу жана бекитүү.
   3.2. Эки айлык мөөнөттө кафедранын окуу жүгүнүн жана штаттык тизмегинин чегинде кафедра филиалынын окуу жүгүнүн эсеби-бөлүштүрүүсүн жана штаттык тизмегин бекитүү.
   3.3. 2026/2027-окуу жылынын башына чейин кафедра филиалынын кызматкерлери менен эмгек келишимдерин түзүү.

Негиз: окумуштуу катчынын билдирүүсү.

Ректор — М. К. Чыныбаев

УИБ башчысы — А. Ж. Исраилов